УДК 372.881.512.154:37.02
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-387-9

**ТЕҢИЗБЕКОВА Б.**
Академик К.Карасаев атындагы БМУ
**ТЕҢИЗБЕКОВА Б.**
БГУ имени академика К.Карасаева
**TENIZBEKOVA B.**
BSU named after academician K.Karasaev

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ КАРАЖАТ КАТАРЫ КОЛДОНУУНУН ЫК-ЖОЛДОРУ

## МЕТОДЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ДИДАКТИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ В КАЧЕСТВЕ СРЕДСТВА ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ

## METHODS OF USING DIDACTIC WORKS AS A MEANS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада сабакта дидактикалык чыгармаларды колдонуунун ар кандай ыкмалары каралган. Бул ыкмалар улантуучу топто окуган кыргыз студенттеринин кыргыз тилине болгон кызыгуусун жогорулатууга өбөлгө түзөт. Кыргыз эли жаш муундун акыл-эсинин өнүгүшүнө жана калыптанышына, ошондой эле эне тилинде сакталган баалуу мурастарды өздөштүрүшүнө өзгөчө маани берип келген. Бул кызыгуу көркөм сөз менен тыгыз байланыштуу. Анткени кыргыз элинде жазма маданият кеч калыптангандыктан, акыл-эс тажрыйбаларын жана руханий баалуулуктарды сактоо жана муундан-муунга өткөрүп берүүдө негизги каражат эне тили болгон.

Сабак учурунда каражат катары эл арасынан бүгүнкү күнгө чейин жеткен макал-лакаптарды, табышмактарды, фразеологизмдерди пайдалануу аркылуу жаштарга улуттук дөөлөттөр тууралуу маалымат берүүгө, алардын сөз байлыгын кеңейтүүгө, оозеки жана жазма кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө болот. Дидактикалык чыгармалар терең тарбиялык мааниге ээ болгондуктан, алар улуттук руханий байлыгыбыз катары муундан-муунга сакталып келе жатат. Биздин кийинки милдет – бул улуу мурастарды сырткы маалымат агымынын таасиринде калтырбай, сактап калуу.

**Аннотация:** В статье представлены различные методы использования дидактических произведений на уроках. Это является основой для повышения интереса к кыргызскому языку у студентов-кыргызов, обучающихся в продолжающей группе. Кыргызский народ заинтересован в развитии и формировании интеллекта молодежи, а также в освоении ими великого ценного наследия, сохраненного на родном языке. Этот интерес тесно связан с художественным словом. Поскольку у кыргызского народа не было письменности, главным средством сохранения и передачи интеллектуального опыта и ценностей будущим поколениям был родной язык. На уроках, используя в качестве средства дошедшие до нас пословицы, поговорки, загадки, фразеологизмы, мы можем предоставить молодежи информацию о национальных ценностях своего народа, расширить словарный запас, развить навыки устной и письменной речи. Поскольку дидактические произведения содержат глубокое воспитание, они считаются нашим духовным богатством и передаются из поколения в поколение. Наша следующая задача – сохранить это великое сокровище, не оставив его под внешней информации.

**Abstract:** The article presents various methods of using didactic works in lessons. This is the basis for increasing the interest in the Kyrgyz language among Kyrgyz students studying in the continuing group. The Kyrgyz people are interested in developing and shaping the intelligence of young people, as well as in their mastering the great valuable heritage preserved in their native language. This interest is closely related to the artistic word. Since the Kyrgyz people did not have a written language, the main means of preserving and transmitting intellectual experience and values to future generations was the native language. In our lessons, we use proverbs, sayings, riddles, and idioms that have been passed down to us to provide young people with information about their national values, expand their vocabulary, and develop their oral and written communication skills. Since didactic works contain deep education, they

are considered our spiritual wealth and are passed down from generation to generation. Our next task is to preserve this great treasure without leaving it under external information.

**Негизги сөздөр:** дидактика; окутуу; сүйлөө кеби; жазуу кеби; макал; руханий байлык; элдик оозеки чыгармачылык.

**Ключевые слова:** дидактика; обучение; устная речь; письменная речь; пословица; духовное богатство; народное устное творчество.

**Keywords:** didactics; education; oral speech; written speech; proverb; spiritual wealth; folk oral art.

Кылымдар бою кыргыз эли өзүнүн адеп-ахлактык жана руханий маданиятын калыптандырып, аны муундан-муунга сактап келди. Ар бир улуттун жашоо-турмушун чагылдырган ар кандай түрдүү каада-салттары, үрп-адаттары бар. Алар айыл чарбасына байланыштуу иш-аракеттерде, жаратылышка карата аяр мамиледе, элдик оозеки чыгармаларда, кол өнөрчүлүктө, улуттук аспаптар жана кийимдерде, меймандостук салттарда жана адамдардын жүрүм-турумдарында ушул убакка чейин сакталып келди.

Биздин негизги милдет – ата-бабалардан мурас болуп, муундан муунга өтүп келген улуттук нарк-насилди көздүн карегиндей сактап, аны бүгүнкү өсүп келе жаткан жаштардын аң-сезимине терең сиңирүү. Азыркы учурда, айрыкча жаш муундун арасында кыргыз тилин колдонуу жана ага болгон урмат-сый жетиштүү деңгээлде эмес экени жашыруун эмес.

Анын себептери чындыгында көп. Негизгиси катары сабактар, окуу куралдары жалаң теориялык эреже-аныктамаларга жыш толгондугу экендигин моюнга алышыбыз керек. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.Чыманов жана педагогика илимдеринин кандидаты Аскар кызы Жылдыздын “Ушул мезгилге чейин кыргыз тилин эне тили катары окутуу, негизги эки кемчиликти жоё албай келет. Биринчиси, эне тилди окутуунун мазмунунда теориялык-грамматикалык материалдардын үстөмдүк кылышы (мазмундун 80 пайызга жакынын грамматика түзөт)... Экинчиси, мектепте окутулган башка предметтер сыяктуу эле кыргыз тилин окутууда окуучунун жеке табийгый өзгөчөлүгү, кабыл алуусу, түшүнүүсү, өздөштүрүүсү, жеке кызыкчылыктары, социалдык абалы, саламаттыгы ж.б. дээрлик эске алынбайт. Бардык окуучулар бирдей, демек, талап да бирдей болуш керек деген мамиле али да күчүндө” [6, б. 292] – деген пикирлери дагы биздин оюбузду бекемдеп турат. Мына ушул көйгөйдөн арылуу максатында көптөгөн илимий-изилдөөлөр жүргүзүлүп, ар түрдүү окуу куралдары жазылып жатканы менен кыргыз тили окуу процессинде өзгөрүү деле байкалбай жатканы өкүндүрөт.

Бул макаланын башкы максаты – студенттердин кыргыз тилине болгон көз карашын оң тарапка өзгөртүү жана алардын сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүү болуп саналат. Ошондой эле кыргыз элинин көркөм мурасы катары бааланган макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар жана фразеологизмдерди кыргыз тили сабактарында натыйжалуу пайдалануу.

Студенттердин кеп ишмердүүлүктөрүн өстүрүүдө ар түрдүү ык-жолдорду колдонуу менен алардын билимин, эмоцияларын терең кабыл алуусун, туура жана активдүү сүйлөөсүн, ойлонуу жөндөмдөрүн, тоскоолдуктарды жеңүүсүн, ошондой эле дүйнөгө өзгөртүлгөн көз караштa карoo мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу зарыл. Кыргыз тили сабагында окуучулар өз тилинин байлыгын баалап, сөздүн маанисин жана күчүн сезе билиши, чыгармачылыкты жайылтууга ишенимдүү мейкиндик түзүлүшү, бири-бирин колдоо жана кубаныч алуу менен сабактын сапаты жана активдүүлүгү жогорулайт.

Элдик оозеки чыгармачылыктын түрлөрүн ачык сабактарда да, класстан тышкаркы иштерде да колдонсо болот. Сабакта студенттердин сабакка көңүлүн бурдуруу, психологиялык жактан жагымдуу маанай түзүү, беш мүнөттүк көнүгүүлөрдү аткаруу учурларында макал айтышуу же табышмактарды табуу, фразеологизмдерди жөнөкөй сөздөргө айландыруу сыяктуу тапшырмаларды берүүгө болот. Мындай тапшырмалар аларга кызыгуу жаратып, кийинки сабакта башкалардан калып калбаш үчүн изденип, жаңы маалыматтарды табууга аракет кылышат. Мындай ыкмаларды сабактан чарчап турганда же болбосо теориялык маалыматтарга кызыкпай турган убактарда аткартсак, сабактын натыйжалуулугу артат.

Кыргыз тили сабагында элдик оозеки чыгармалардын ар кандай түрлөрүн сабакта пайдалануу менен студенттердин логикалык ойлоосун өстүрүп, жана ошондой эле кыргыз тилинде кооз сүйлөөгө, кыргыз элинин маданиятын үйрөнүүгө кызыгуулары артат деген пикирдебиз.

Табышмактар студенттердин ой жүгүртүүлөрүн кеңейтип, аларды курчап турган дүйнө жана жаратылыш кубулуштары тууралуу маалыматтарды бере алат. Алар табышмактарды табууда байкоо, эс тутум, тапкычтык, ой жүгүртүү жана элестетүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Сабакта жазуу ишмердүүлүгүнө дагы көңүл бурулушу зарыл экендиги белгилүү. Андыктан дагы бир кызыктуу түрү болуп, макал-лакаптардын мааниси боюнча эссе жазуу болуп саналат. Муну оозеки дагы, жазуу жүзүндө дагы аткартууга болот. Бул тапшырма алдын-ала берилбестен, сабак учурунда дароо жазылып, аягында айрым бир эсселер окулуп, аны жалпы аудитория менен бирге талкуу жүргүзүлөт. Макала эссеге аталыш катары берилип, окуяны максаттуу кылуу менен аны жазууга жакшы шарт түзүп, чыгармачылык жөндөмүн ойготот. Мисал катары: “ачуу – душман, акыл – дос”, “акмак достон, акылдуу душман артык”, “билимден өткөн досуң жок, оорудан өткөн касың жок”, “акыл – деңизден терең, билим – тоодон бийик”, “билеги күчтүү бирди, билими күчтүү миңди жыгат” ж.б.у.с. макалдарды берүүгө болот. Студенттердин саны көп болгон учурда топ менен иштетүүгө дагы болот.

«Биздин университет», «Түшүм», «Мезгилдер», «Мекеним», «Менин мекеним», «Менин досторум», «Ата-энем», «Менин үй-бүлөм», «Келечектеги кесибим», «Уюлдук телефон», «Интернет желеси», «Калп жана чынчылдык», «Жамандык жана жакшылык» ж.б. деген темаларда макал-лакаптарды камтыган чакан эсселерди жазууну сунуштоого дагы болот. Мындай темаларды берүүдө окутуучу алдын-ала макалдарды берип, алардын кайсынысы кайсы темага туура келери тууралуу маалыматтарды студенттер менен бирге талкуулап койсо, алардын ой жүгүртүүсүнө жардам берет.

Элдик оозеки чыгармачылыктын жанрлары боюнча системалуу жана максаттуу иш алып баруу окуу-тарбия процессинде маанилүү жыйынтыктарды камсыз кылат. Бул иштин жүрүшүндө студенттер элдик накыл сөздөрдү, макал-лакаптарды жана башка чыгармаларды чогултууга, аларды тематикасына жараша топтоого, мазмундук жактан талдоого жана жалпылоого көнүгүшөт. Мындай иш-аракеттер аркылуу студенттер элдик оозеки чыгармачылыктын жалпы табиятын, өзгөчөлүктөрүн жана коомдогу ордун тереңирээк аңдап түшүнүүгө жетишет. Ошону менен бирге бул чыгармалардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн баалап, алынган руханий баалуулуктарды өзүнүн инсандык сапаттарын калыптандырууда пайдаланууга аракет кылышат.

Элдик оозеки чыгармачылыктын ар түрдүү жанрлары менен иштөө студенттердин сөз байлыгын кеңейтүүгө, оозеки жана жазма кебин өркүндөтүүгө, тилдик сабаттуулугун жогорулатууга жана эстетикалык табитин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Сабактарда жана сабактан тышкаркы иштерде бул жанрларды колдонуу студенттердин элдик мураска болгон кызыгуусун арттырып, көркөм жана образдуу сөз айкаштарына кылдат мамиле жасоого үйрөтөт. Мындан тышкары, элдик акылмандыкка таянган иштер аларда ой жүгүртүүнү, салыштыруу жана жыйынтык чыгаруу жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

Ошондой эле элдик оозеки чыгармачылык аркылуу мекенди сүйүүгө, эмгекти урматтоого, адамгерчиликке, боорукердикке, кайрымдуулукка тарбиялоо мүмкүнчүлүгү кеңейет. Бул чыгармалар жаш муундардын улуттук баалуулуктарга болгон сый-урматын бекемдеп, элдик мурасты жараткан кыргыз элинин акылмандыгына, маданиятына жана руханий дөөлөттөрүнө болгон терең урмат сезимин калыптандырууга багытталат.

Студенттер элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү менен жаштайынан тартып эле таанышып өсүшөт. Айрыкча жомоктор балдардын турмушуна мектепке чейинки курактан баштап кирип, кийинчерээк жалпы билим берүүчү мектептин программасынын негизинде тереңдетилип өздөштүрүлөт. Окуу-тарбия процессинде бешик ырлары, табышмактар, макал-лакаптар, жаңылмачтар жана фольклордун башка жанрлары менен таанышуу ырааттуу улантылып турат. Ушуга байланыштуу бүгүнкү күндө элдик оозеки чыгармачылыкка башталгыч класстардан тартып өзгөчө көңүл буруу зарылчылыгы айкын көрүнүп турат.

Анткени дал ушул мезгилде баланын сүйлөө тили активдүү калыптанып, кептин фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык түзүлүштөрү өнүгөт. Ошондуктан башталгыч класстарда фольклордук жанрлардын түрлөрүн сабактарда жана сабактан тышкаркы иштерде колдонуу балдардын сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүүдө эң натыйжалуу жана маанилүү каражат катары эсептелет. Эне тилди өздөштүрүү процесси канчалык эрте башталса, окуучу келечекте аны ошончолук эркин, так жана образдуу пайдаланууга жетишет.

Сабак процессинде макал-лакаптарды, табышмактарды жана жаңылмачтарды колдонуу элдик акылмандыктын баа жеткис казынасын өздөштүрүүгө шарт түзөт. Бул жанрлар тарбиялык

таасири менен катар, жаттоо, ой жүгүртүү жана сүйлөө кебин өнүктүрүү үчүн да өзгөчө мааниге ээ. Мындай материалдар студенттердин сөз байлыгын арттырып, тилге болгон кызыгуусун күчөтүп, көркөм ой жүгүртүүгө үйрөтөт.

Эне тилди окутуунун усулдарын өркүндөтүүдө маанилүү ички булак катары кыргыз элине таандык өзгөчө белгилерди эске алуу зарыл. Аларга элдин тарыхы, үрп-адаты, каада-салты, дүйнө таанымы, адабияты, искусствосу, диний түшүнүктөрү, жашоо тиричилиги, медициналык элдик түшүнүктөрү, оюн-зоок маданияты, тилге жана сөз маданиятына болгон мамилеси, экологиялык, эстетикалык, этикалык, атуулдук жана башка көз караштары кирет. Мындай өзгөчөлүктөр кыргыз элин башка элдерден айырмалап турат. Бирок бул көрүнүштөрдү өзгөртүүсүз, түз бойдон эне тил сабактарына киргизүү оңой иш эмес, айрым учурда алардын тилди окутуу менен түздөн-түз байланышын табуу да кыйынга турат. Андан тышкары, мындай ыкма сабактын мазмунун кыргыз тили эмес, кыргыз таануу багытына оодарып жибериши мүмкүн.

Биздин оюбузча, ички булактардын мүмкүнчүлүктөрүн тил сабагында натыйжалуу пайдалануу үчүн аларды элдик педагогика менен айкалыштырып, элдик тажрыйбанын чыпкасы аркылуу өткөрүү зарыл. Жалпысынан тилди окутуунун методикасы канчалык деңгээлде теориялык жана практикалык жактан өнүкпөсүн, элдик педагогика жеткен бийиктикти толук камсыздай албайт. Элдик педагогикасыз заманбап методика жеткилең боло албай, тил боюнча алынган билимдин негизи да жетиштүү бекем болбой калат. Биздин бул пикирди педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.Чымановдун “Анткени элдик педагогика – жалпы эле адамдын пайда болушунан тартып, уруу, эл, улуттун жаралышына чейинки доорлордун бардыгында болуп, эчендеген сыноолордон сыналган да, чыңалган да тарыхый тажрыйбаларга турмуштук суроо-талаптарга, зарылдыктарга толук жооп берип келген. Адам менен бирге, адам аркылуу, адам үчүн, адамдар тарабынан зарылдыктан улам табылган, улам толукталып, улам кошумчаланып турган улуу табылга. Эне тилди окутуу процессинде бул табылганын сөзсүз пайдаланылышы зарыл”, [5, б. 254] – деген пикири дагы бекемдеп турат.

Тил өзүнүн табияты, функциясы жана коомдогу орду боюнча кайталангыс социалдык кубулуш болуп саналат. Ал адамдар ортосундагы байланыш каражаты катары гана эмес, прагматикалык маалыматты жеткирүүнүн формасы, элдин руханий маданиятынын өзөгү, улуттук жана инсандык өзгөчөлүктөрдүн негизги көрүнүшү болуп эсептелет. Ошондой эле тил билимди сактоонун, муундан-муунга өткөрүүнүн жана өздөштүрүүнүн маанилүү каражаты болуп, сөз өнөрү катары көркөм адабияттын башкы элементин түзөт. Ушул себептен улам тил башка мектептик предметтердин арасында өзгөчө статусуна ээ болуп, ар бир адам үчүн ар дайым жана бардык шартта зарыл муктаждык катары кызмат кылат.

Мектепте кыргыз тили курсунун мазмуну негизинен эки негизги фактор менен аныкталат: окутуунун предмети жана коюлган максаттар. Окутуунун башкы максаты – окуучулардын эркин сүйлөө жөндөмүн калыптандыруу жана башталгыч тилдик компетенциясын өнүктүрүү болуп саналат. Мектептик тил курсунун предмети катары азыркы кыргыз адабий тили окутулат. Тил системасы өзүнүн толук ишке ашуусун сүйлөө ишмердүүлүгүндө табат. Ошондуктан кыргыз тили сабагы туура жана так сүйлөөнү, угуп түшүнүүнү, окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү камтышы зарыл. Бул максаттарды ишке ашырууда атайын тандалган дидактикалык материалдар кыргыз тилин окутуунун негизги каражаты катары маанилүү роль ойнойт.

Студенттердин кыргыз тили сабагына болгон кызыгуусу жана мамилеси көп жагынан колдонулган дидактикалык материалдардын мазмунуна көз каранды. Мисалы, сөздөрдүн келип чыгышы, тилдин сөз байлыгы, алфавиттин тарыхы, орфография жана пунктуация маселелери, тилдин өнүгүү жолдору сыяктуу маалыматтар окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга шарт түзөт.

Сабак учурунда мезгил-мезгили менен берилген тарыхый маалымдамалар алардын кыргыз тилине болгон кызыгуусун жандандырып, тилдин баалуулугун терең түшүнүүгө жардам берет. Ошондой эле сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн жана ырааттуу тексттердин максаттуу тандалышы окуучулардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү менен катар, алардын предметке болгон оң мамилесин калыптандырарын эске алуу зарыл.

Кыргыз тили сабагына кызыгууну күчөтүү максатында дидактикалык материал катары «кызыктуу грамматиканын» элементтерин колдонуу натыйжалуу ыкмалардын бири болуп саналат.

Кыргыз тили сабагында макал-лакаптарды колдонуу аркылуу студенттердин таалим-тарбиясына таасир этүү менен бирге, алардын көркөм жана кооз сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Демек, окуу процессинде билим берүү менен тарбиялоо ажырагыс бирдикте жүргүзүлүшү керек деген көз караштры толук колдоого болот.

Студенттер менен таалим-тарбия берүүдө өзүнүн өз алдынчалуулугун эске алуу менен, берилген маалыматтарды өзүнүн тажрыйбасы аркылуу кабылдоого карата методдорду пайдаланууну билүү керек. Тактап айтканда, студент берилген маалыматты өзү талдап, аны изилдеп, өзүнөн өткөрүп, ага ишенгидей, анын натыйжалуу экендигине ынангандай кылып уюштурсак көздөгөн максатыбыз сөзсүз ишке ашат.

Турмуштун ар кандай кырдаалында, кыйынчылык учурда же ийгиликтерди багынтканда балдардын өздөрүнүн потенциалын, өздөрүнүн деңгээлин пайдаланууга көнүктүрүү зарыл. Бул аларды жашоодогу ар кандай кыйынчылыктарды жеңе билүүгө көнүктүрөт.

С. Байгазиев өз эмгегинде Москва шаарындагы академик В.А. Караковский иштеп чыккан жана практикада колдонгон тарбиялоо системасына өзгөчө токтолот. Анын айтымында, бул системанын өзөгүн «коммунардык жыйын» түзөт. Аталган жыйынга мугалимдер, жогорку класстын окуучулары жана бүтүрүүчүлөр катышып, негизги максат катары окуучуларда «биз» деген жамааттык сезимди калыптандыруу көздөлөт. Мындай ыкма аркылуу мектеп жамаатынын биримдиги чыңдалып, окуучулардын социалдык жоопкерчилиги жогорулайт.

Караковскийдин тарбиялоо системасында окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнө, окуу-тарбия процессинин жыйынтыктарын аныктоого багытталган диагностикага, ошондой эле предметтер аралык интеграцияланган жана ар түрдүү курактагы окуучулар катышкан сабактарга кеңири орун берилет. Мындан тышкары, ачык асман алдындагы сабактар, профилдик факультативдер, сабак-бенефистер, таанып-билүү мүнөзүндөгү оюндар жана жарыштар, тарыхый жана ролдук оюндар, фантастикалык долбоорлорду коргоо сыяктуу инновациялык формалар активдүү колдонулат.

Ошондой эле жогорку класстын окуучулары үчүн уюштурулган «университет», предмет боюнча уюштурулган сот сабактары, окуучулардын жеке көргөзмөлөрү, мээримдүүлүккө багытталган практикумдар, кыска мөөнөттүү рефлекциялар, суроо-жооп сааттары, билимдердин аукциону, дидактикалык театр сыяктуу иш-чаралар тарбиялык процесстин мазмунун байытып, окуучулардын инсандык сапаттарын ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган.

С. Байгазиевдин пикири боюнча [1, б. 292], В.А. Караковский негиздеген жаңычыл мектеп таалим-тарбия ишине терең илимий-чыгармачылык изденүү менен мамиле кылып, салттуу окутуудан айырмаланган эффективдүү жолдорду сунуштайт. Бул тажрыйба билим берүү тармагында иш алып барган адистерди ой жүгүртүүгө, тарбия иштеринин мазмунун жаңылоого жана заман талабына ылайык өркүндөтүүгө түрткү берет.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.Чыманов элдик педагогиканы кыргыз тили сабагына колдонуу тууралуу көптөгөн илимий макалаларды жарыялап келет. «Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы» деген аталыштагы 2009-жылы чыккан эмгегинде элдик педагогика тууралуу буларга токтолгон: «Рухий дөөлөттөрдү, баалуулуктарды өздөштүрүүнүн, баалап-барктоонун, бапестеп-аздектөөнүн, аларды ыйык тутуп, аяр мамиле жасап, ыктуу колдоно билүүнүн ачкычы – аларды жараткан, сактаган тилде. Эгерде эне тилин окутууну дагы эле эрежелерди окутуунун чөйрөсүнөн алып чыкпай, ошол алкакта калтырсак, тилди окутууну ал тилди ыйык туткан эл менен бирдикте, элдин дөөлөттөрү, адеп-ахлагы менен байланыштырбасак, «изги принциптер солгундап» гана тим болбостон, алар үзгүлтүккө учурап жок болуп кетүү коркунучун жаратары бышык.

Эне тилин окутууну элдик педагогиканын негиздерине, элдик педагогиканын каражаттарына таянуу, колдонуу менен жүргүзүүнү активдештирүү – кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптардын маанилүүлөрүнүн бири».[5, б. 190]

Кыргыз тили жана адабияты сабактарында элдик педагогикалык материалдарды максаттуу колдонуу студенттердин билим деңгээлин жогорулатуу менен гана чектелбестен, алардын улуттук аң-сезимин, адеп-ахлактык баалуулуктарын жана руханий дүйнөсүн калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ. Элдик мурастарга негизделген сабактар алардын окуу процессине болгон кызыгуусун күчөтүп, билимди аң-сезимдүү, терең өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт.

Элдик педагогикалык материалдарды системалуу жана ырааттуу пайдалануу Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунда белгиленген негизги идеялар менен шайкеш келип, улуттук баалууулуктарды сактоо менен катар заманбап билим берүүнүн

талаптарын ишке ашырууга кеңири мүмкүнчүлүк берет. Бул өз кезегинде улуттук мураска таянган, ошол эле учурда дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине багытталган окуу-тарбия процессин камсыз кылат.

Кыргыз эл жазуучусу, педагогика илимдеринин доктору, профессор жана методист-окумуштуу Сулайман Рысбаев элдик педагогиканын кыргыз элинин жашоо-тиричилиги менен тыгыз байланышта экенин баса белгилеп, улуттук тарбиянын негизги булактары элдик үрп-адаттар жана каада-салттар экенин көрсөтөт. Анын пикиринде, кыргыз элине мүнөздүү адеп-ахлактык сапаттар, ыйман, адамга болгон жылуу мамиле, маданияттуу жана илбериңки жүрүм-турум, уят-сыйытты сактоо сыяктуу сапаттар жөнөкөй үй-бүлөлүк тарбиянын негизинде калыптанат. Бул көрүнүштөр элдик педагогиканын терең тамыр алганын айгинелейт [2, б. 48].

Мындан улам кыргыз элинин улуттук педагогикасынын өзөгүн түзгөн эң маанилүү шарттардын бири элдик каада-салттар менен үрп-адаттар экендиги айкын көрүнөт. Кыргыз элинде тарбия берүү процесси мектепке чейинки эле мезгилде, үй-бүлөлүк чөйрөдө жана күнүмдүк жашоодо башталып келген. Тактап айтканда:

- Кыргыз баласынын адеби, ыйманы жана адамгерчилик сапаттары биринчи кезекте ата-эненин, улуу муундун үлгүсү аркылуу калыптанат;
- Элдик каада-салттар балдарды улууну сыйлоого, кичүүнү урматтоого, адам менен мамиледе маданияттуулукка тарбиялайт;
- Илбериңкилик, уят-сыйытты сактоо, адептүүлүк кыргыз эли үчүн негизги моралдык баалуулук катары каралат;
- Бул сапаттар атайын уюштурулган окутуудан эмес, элдин күнүмдүк турмушундагы тарбиялык тажрыйбанын негизинде өнүгөт.

Демек, окумуштуунун жогорудагы көз караштары кыргыз элинин тарбиялык потенциалы элдик салт-санаада жана үй-бүлөлүк тарбияда камтылганын, ал эми дал ушул баалуулуктар улуттук педагогиканын негизи болуп эсептелерин далилдеп турат.

Жыйынтыгында, кыргыз улутундагы жаштарыбыз өз тилинде сүйлөгөндү уят катары сезүүсүн – жаңылыштык экендигин, кыргыз тили кылымдардан бери сакталып келе жаткандыгын, аны мындан ары дагы сактап калуубуз керек деген сезимдерин ойготуу ар бир кыргыз тилчи мугалимин милдети деп билебиз. Аны үчүн кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын, тарбиясы терең элдик оозеки чыгармачылыктын ар кандай үлгүлөрүн, макал-лакаптарды, табышмактарды, ар бир сабакта пайдалануу бүгүнкү күндүн кечиктирилгис милдеттери.

**Колдонулган адабияттар**


1. Байгазиев С. "Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы" Б.: "Алтын тамга", 2012, 247-бет.
2. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: Окуу куралы. –Б.: 2006. –367 б.
3. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Ф., 1978.
4. Тагаева З. Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу. Ош, 2008.
5. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. Б., 2009. 190-б.
6. Чыманов Ж., Аскар кызы Ж. Эне тилди окутууда табигыйлык принцибине таянуунун зарылдыктары. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2024. №9. Стр. 290-294.
7. Эсеналиева К. Мамлекеттик тилди окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу. – Б., 2002, 67 б.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Аскар кызы Ж.**